МИЛДЕТ. НАМЫС. АТА-МЕКЕН! ДОЛГ. ЧЕСТЬ. ОТЕЧЕСТВО!

# ЫЙЫК МИЛДЕТ
# Священный долг

№ 03 (478)
2024-жыл,
29-март

КР КК жөнүндө көбүрөөк жаңылыктар / Больше новостей о деятельности ВС КР на: www: mil.gov.kg

**СКОРБИМ...**




>стр.2

**КОРГОО МИНИСТРИ АЙМАКТАРДА**



> 2-бет

**"ИЛБИРС" - 17 ЖАШТА**



> 4-5-беттер

**МОБИСТТЕР ЖЫЙЫНЫ**



> 6-бет

## Кош кел, күн менен түн теңелген Нооруз!



2024-жылдын 21-мартында Баткен шаарынын борбордук аянтында Кыргыз Республикасынын Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов “Нооруз” майрамын жергиликтүү калк менен биргеликте тосту.

Иш-чарага КР Президентинин Баткен облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев, Жогорку Кеңештин депутаттары, шаар коноктору жана шаар тургундары катышты.

Майрамдык иш-чарада сүмөлөк ачуу жана тамак-аш жарманкеси уюштурулуп, майрамдык маанай шаңдуу концерттик программа менен коштолду.

Эскерте кетсек, Коргоо министри 2024-жылдын 19-мартынан тарта Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгында иш-сапары менен болуп, анда аскер шаарчаларынын курулуштарынын жүрүшү, күжүрмөн даярдыктын абалы менен таанышып, өздүк курамды Нооруз майрамы менен куттуктаган.



## Максатына жеткен машыгуулар

2024-жылдын 13-март күнү Коргоо министрлигинин Түштүк-Батыш оперативдүү командачылыгына караштуу 92843 аскер бөлүгүнүн ок атуу талаасында роталык-тактикалык машыгуу болуп өттү.

Роталык-тактикалык машыгуунун жүрүшүнө Түштүк-Батыш оперативдүү командачылыгынын кол башчысынын орун басары, Коргоо министрлигинин түштүк аймагындагы аскер бөлүктөрүнүн командирлеринин орун басарлары жана рота командирлери көз салышты.

Тоо аткычтар ротасынын өздүк курамы Алай районуна мыйзамсыз бастырып кирген куралчан топторду жок кылуу машыгуусун практика жүзүндө көрсөтүштү. Ошондой эле, куралчан топтордун аскердик унааларын, учкучсуз учуучу аппараттарын, түрдүү калибрдеги ок атуучу куралдарды колдонуу менен аткылап, машыгуу талаасындагы душман күчтөрүн толугу менен жок кылышты. Ротанын өздүк курамы аларга коюлган тапшырманы кынтыксыз аткарышты. Тагыраагы, роталык тактикалык машыгуу өз максатына жетти.













# Скорбим...




22 марта 2024 года весь мир содрогнулся от бесчеловечного акта терроризма в концертном комплексе «Крокус сити холл» в Подмосковье.

Жители многих стран проявляют сострадание погибшим и пострадавшим, а также всем россиянам, и скорбят вместе с ними. Не остались в стороне и граждане Кыргызской Республики.

24 марта 2024 года, руководство Министерства обороны во главе с Министром обороны генерал-лейтенантом Бактыбеком Бекболотовым, его заместителем полковником Эмилем Осмоновым возложили цветы у Посольства Российской Федерации в Кыргызской Республике, в знак скорби о жертвах теракта в «Крокус сити холле».



# Армияга узатуу мекенчил салтка айланганда

Жазгы чакыруунун алкагында аскерге чакырылуучуларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында аскер кызматын өтөө үчүн салтанаттуу узатуу иш-чарасы өлкөбүздүн бардык аймактарында жаңыча дем менен, мекенчилдик сезимдерди курчуткан мыкты салтка айланууда.





2024-жылдын 12-мартында Республикалык топтоо пунктунда аскерге чакырылуучуларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында аскер кызматын өтөө үчүн салтанаттуу узатуусу болуп өттү.

Чакырылуучулар КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин бирикмелеринде жана аскер бөлүктөрүнө кызмат өтөөгө узашты.

Иш-чарага КР КК ГШ Башкы уюштуруу-мобилизациялык башкармалыгынын, аскер комиссариаттардын өкүлдөрү, КК ардагерлери, ошондой эле, чакырылуучулардын жакындары жана туугандары катышты.

Ушундай эле жаңы толуктоону узатуу боюнча иш-чаралар Ош, Жалал-Абад жана Балыкчы шаарларында да өттү.

Кыргыз Республикасында жарандарды аскер кызматына чакыруу Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдардын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчыларын жана альтернативдик кызматтын кызматчыларын запаска бошотуу, ошондой эле, 2024-жылдын март-майында жарандарды мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөгө кезектеги чакыруу жөнүндө» Жарлыгына ылайык жүргүзүлөт.

Жарандарды аскер кызматына чакыруу боюнча жазгы кампаниясы үстүбүздөгү жылдын апрель айынын аягына чейин созулат.



# Коргоо министри аймактарда иш-сапарда

2024-жылдын 19-мартында Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов КР КМ Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгына кызматтык иш сапарынын алкагында Баткен облусунун аймагында жайгашкан кошуундардын, бөлүктөрдүн жана мекемелердин аскердик шаарчаларында болуп, кужурмөн даярдыктын жүрүшү, аскер кызматчылары менен жарандык кызматчылардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө түзүлгөн шарттар менен таанышты.



Мындан тышкары, Коргоо министри аскер шаарчаларынын инфраструктурасынын абалы менен таанышып, жаңы курулуп жаткан аскер шаарчаларынын курулуш иштеринин жүрүшүнө өзгөчө көңүл бурду.

Коргоо министри иш сапарынын жыйынтыгын жеринде чыгарып, орун алган кемчиликтер боюнча тапшырмаларды берип, чечилбей жаткан маселердин жолдорун аныктады. Материалдык-техникалык жактан камсыз кылуучу кызматтарга тапшырма коюп, иштин кызуу жүрүшүн талап кылды.



# Аскерге чакырылгандар менен жолуккан аксакалдар

Жарандарды аскер кызматына жазгы чакыруунун алкагында 2024-жылдын 12-мартында Лейлек бириккен райондук аскер комиссариатынан аскерге чакырылуучуларды КР Куралдуу Күчтөрүнүн катарында аскер кызматын өтөө үчүн узатуу иш-чарасына аскерге чакырылгандардын ата-энелери, бир туугандары, райондун бийлик өкүлдөрү катышты.







Мындай иш-чарага мамлекеттик чек ара тилкесинде жашаган жергиликтүү калк олуттуу мамиле жасап, аскер комиссариатынын, армия жетекчилигинин койгон талаптарын кунт коюу менен тыңдашты. Куралдуу күчтөрдүн, чек ара кызматынын ардагерлери аскерге чакырылган уландарга Мекенге кызмат өтөө ыйык парздардын бири деп калоо-тилектерин билдиришти.

ЫЙЫК МИЛДЕТ Священный долг

Гезит Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Катталуу күбөлүгү № 5125-3301-000

Редактор: подполковник **Римма Даниярова**

Редакциянын дареги: **MildetKG@gmail.com** Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 720001, Логвиненко көчөсү, 26 Тел.: (0312) 62-06-29

Adobe InDesign программасында калыпка салган **Усен Полотов.** Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.

Жарыяланган макалалар, каттар редакциянын көз карашын билдирбейт. Келтирилген фактылардын, цитаталардын, экономикалык-статистикалык жана башка маалыматтардын, ошондой эле ачык жарыялоого уруксат берилбеген маалыматтардын жарыялангандыгы үчүн автор өзү жооптуу. Сүрөттөр менен кол жазмалар кайтарылып берилбейт.

Индекс: 68464 Буйрутма № 146 Нускасы: 3910

ААК **«Учкун»** басмаканасында басылды.

**Гезит 1998-жылы 21-майда Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде түзүлгөн**

## 106 лет прославленной легендарной гвардейской



В войсковой части 73809 Министерства обороны Кыргызской Республики прошло торжественное мероприятие, посвященное 106 годовщине со дня образования прославленной гвардейской воинской части.

Рожденная в суровые годы гражданской войны и носившая имя великого полководца и нашего прославленного земляка Михаила Васильевича Фрунзе, закаленная в боях Великой Отечественной, показавшая себя надежным защитником нашей Родины – Кыргызстана вовремя баткенских событий она и сейчас с честью выполняет свой священный долг по обеспечению военной безопасности Кыргызской Республики.

В праздничном мероприятии приняли участие начальник Главного управления воспитательной работы Генерального штаба Вооруженных Сил КР полковник Марат Мырзаканов, ветераны Вооруженных Сил КР, военнослужащие, гражданский персонал и члены семей военнослужащих войсковой части 73809, а также гости и жители военного городка.

Торжественное мероприятие началось с митинга, в ходе которого, от имени руководства Министерства обороны и Генерального штаба Вооруженных Сил, личный состав части и гостей торжественного мероприятия поприветствовал и поздравил начальник Главного управления воспитательной работы Генерального штаба Вооруженных Сил Кыргызской Республики полковник Марат Мырзаканов.

В своей поздравительной речи полковник М. Мырзаканов передал лич-





ному составу войсковой части поздравление Начальника Генерального штаба Вооруженных Сил Кыргызской Республики - Первого заместителя Министра обороны Кыргызской Республики генерал-майора Руслана Мукамбетова со знаменательной датой в жизни части, пожелал всем крепкого здоровья и успехов в службе.

В ходе мероприятия, военнослужащим части был вручен кубок за общекомандное достижение в спортивном мероприятии, а за их доблестную службу - почетные грамоты и медали.

После награждения наиболее отличившихся военнослужащих и вручения подарков от имени гостей мероприятия состоялся импровизированный концерт, тепло встреченный всеми присутствующими.

В завершении мероприятия гостям и личному составу войсковой части была организована концертная программа, а также прохождение торжественным маршем по плацу войсковой части.

## Тынчтык орнотуучу күчтөрдүн тажик-ооган чек арасынан чыккандыгына - 25 жыл

Кыргыз армиясынын өзгөчө багыттагы тынчтыкты орнотуу боюнча аскер бөлүгүнүн жоокерлеринин тажик-ооган чек арасынан чыгарылышынын 25-жылдыгы Кара-Кол шаарында облустук деңгээлде өзгөчө салтанат менен белгиленди.

Салтанаттуу жыйынга облус аймагында жашаган тажик-ооган чек арасынын коопсуздугун камсыз кылууда күжүрмөн кызмат өтөгөн жоокер-ардагерлер, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, аскер комиссарлары катышты.

Ч ы н д ы г ы н д а, 1993-1999-жылдардагы Тажикстандагы жаран-



дык согуш Борбордук Азиядагы тарыхый каргашалуу, кандуу учурлардын бири болгон. Бул согуш канчалган жарандардын, анын ичинде жоокерлердин өмүрүн алды. Канча деген эр азаматтар ар кандай даражадагы майыптарга айланды. Он миңдеген кишилер набыт болуп, бир миллиондой киши үй-жайын таштап, бозгунга айланды. Мындай окуя кайталанбаш үчүн ар бирибиз тарыхый окуялардан сабак алуубуз зарыл.

Тынчтык орнотуучу күчтөрдүн түзүмүндөгү кыргыз армиясынын ошол жоокерлеринин өз милдетин так жана абийирдүүлүк менен аткарып келишине тиешелүү маани берилиши керектигин, эң негизи, бул максатта КР президенти - Куралдуу Күчтөрүнүн колбашчысы Садыр Жапаровдун КР Куралдуу Күчтөрүн тыңдоого багытталган чечимдерин да белгилеп кетүү керек.

Алгачкы сөз тажик-ооган ардагерлеринин облустук коомдук бирикмесинин жетекчиси Ажибаев Бакытка берилип, ал өзүнүн баяндамасында кыргыз армиясынын жоокерлеринин тажик-ооган чек арасындагы кооптуу кырдаалда, табияты катаал шартта өз милдеттерин так жана жоопкерчиликтүү аткарганына токтолуп, коомдук бирикменин аткарган жана алдыдагы иш-чаралары айтылды.

Ысык-Көл облусунун ардагерлер кеңешинин төрагасы С. Кооманов Тажикстандагы жарандык согуштун чыгышынын себептерине жана КМШ мамлекеттеринин арасындагы келишимдин негизинде тынчтыкты орнотуу күч түзүмдөрүнүн түзүлүшүнө анын орду, ал кызматты аркалаган кыргыз армиясынын жоокерлеринин миссиясы толук аткарылгандыгын белгилеп, ардагерлердин коомдогу ордун жана аткырган иштерине токтолду.

Жыйындын жүрүшүндө Каракол шаарынын жетекчилиги, облустун аймактарынан келген өкүлчүлүктөр, аскер комиссарлары өздөрүнүн ардагерлерге болгон сый-урматын, куттуктоолорунда билдирип, ардагерлердин коомдук бирикмесинин ишин алдыга жылдыруу үчүн финансылык көмөк көрсөтүшкөнүн билдиришти.



*Сүрөттөрдө: тажик-афгана чек арасындагы тынчтыкты коргоочу күчтөрдүн катарындагы кыргыз армиясынын аскер кызматчылары.*

## 9-я международная межведомственная научно-практическая конференция (современные проблемы и перспективы развития военной безопасности)

В Москóвском госудáрственном техни́ческом университéте имени Н.Э. Баумана прошла конференция «Военная безопасность: исторический опыт и взгляд в будущее».

В конференции принимали участие советники, члены-корреспон-



денты и руководители институтов Российской академии наук и Российской академии ракетных и артиллерийских наук, представители силовых структур России, Кыргызстана, Казахстана, Армении, Монголии, Абхазии, Таджикистана, Узбекистана, а также специалисты МГТУ им. Н.Э. Баумана. Участников конференции поприветствовал ректор Михаил Гордин, который обозначил важность обмена опытом и знаниями между учёными и специалистами отрасли.

Целями конференции является содействие интеграции академической, вузовской и отраслевой науки для обеспечения комплексного решения проблем развития соответствующих видов и типов вооружения, военной и специальной техники в интересах обеспечения военной безопасности, определение приоритетных направлений совершенствования военной и военно-технической политики и координация научной деятельности в рамках задач, поставленных перед Академией. Именно поэтому данная конференция проходит в стенах Бауманского университета, который играет ключевую роль в подготовке специалистов, способных решать сложные задачи в области оборонно-промышленного комплекса и военной безопасности.

Помимо этого перед конференцией стоял ряд задач, одна из которых — обеспечение сохранения памяти о великом подвиге советского народа в Великой Отечественной войне, его осмысление, укрепление связи поколений.

***Программа конференции включала в себя:***

***- пленарное заседание с докладами;***

***- симпозиум «Военное строительство. Военная доктрина»;***

***- симпозиум на тему научно-методического обеспечения подготовки научных кадров;***

***- симпозиум «Военная история».***

Из Министерства обороны Кыргызской Республики с докладами выступили подполковник Манас Токсонбаев, адъюнкт кафедры военного права на тему «Система международно-правового регулирования военного и военно-технического сотрудничества Кыргызской Республики и Российской Федерации», и майор Токтогул Молтаев, слушатель специального факультета Военного университета имени князя Александра Невского МО РФ на тему «Патриотическое воспитание как основа для формирования личности гражданина Кыргызстана».

Обсуждение коснулось и современных проблем и перспектив развития военной безопасности. Были рассмотрены основные подходы к решению задач автоматизации управления и проблемы планирования мероприятий по гражданской обороне.

Нашим слушателям из КР методическую помощь оказывали профессор кафедры политологии Военного университета МО РФ кандидат политических наук Константин Буртный, и доцент 23 кафедры Петр Фоменко, под руководством последнего слушатель майор Т. Молтаев издал учебно-наглядное пособие "Документы управления военно-политической работой в общевойсковом соединении в ходе боевых действий".





# Айтылуу "Илбирс" 17 жашта



**2024-жылдын 7-мартында Коргоо министрлигинин Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгынын "Илбирс" атайын багыттагы аскер бөлүгүнүн түзүлгөн күнү белгиленди.**

Иш-чарага Баткен облусунун жана Баткен шаарынын администрациясынын өкүлдөрү, Чек ара кызматынын, Ички иштер башкармалыгынын облустук жетекчилери катышышты.

Конокторго аскер бөлүктүн өздүк курамы тарабынан даярдалган атайын операциялар учурундагы күжүрмөн иш аракеттери көрсөтүлдү. Ошондой эле, кызматтында ийгилик жараткан аскер кызматчыларына Коргоо министрлигинин төш белгилери жана сыйлыктары тапшырылды.



## Илбирс секирик жасаган аскер бөлүктүн күжүрмөн баяны

Кыргыз Республикасынын Коргоо министринин биринчи орун басары, Куралдуу Күчтөрдүн Башкы штабынын башчысынын 2007-жылдын 7-мартындагы буйругунун негизинде, Түштүк аскерлер тобунун базасында «Түштүк» атайын багыттагы бөлүкчөсү түзүлгөн. Жаңы түзүлгөнүнө карабастан бөлүкчө жогору турган командачылыктын резервинде туруп, буйруктарды, күжүрмөн тапшырмаларды так аткаруу менен бирге түштүк аймагында чалгындоо-издөө иштерин жүргүзүп келген. 2009-жылдын 12-ноябрында өзүнчө атайын багыттагы «Түштүк» бөлүкчөсүнүн базасында атайын дайындалган бригада түзүлүп, 52870 аскер бөлүгү аталган. 2010-жылы Түштүк атайын багыттагы бөлүкчөсү кеңейтилип, атайын багыттагы «Илбирс» бригадасы болуп түзүлгөн.

«Илбирс» бригадасы түзүлгөн күндөн баштап, бир катар эл аралык жана өлкө ичиндеги аскердик машыгууларга катышкан. Мисалга алсак, «Коопсуздук-2009» 2010-жылдын октябрь айында Россия Федерациясынын Чебаркуль шаарында өткөн Жамааттык Коопсуздук келишим уюмуна (ЖККУ) мүчө мамлекеттердин Куралдуу Күчтөрүнүн «Биргелешкен-2010» тактикалык машыгуусуна, Кыргыз Республикасынын күч түзүмдөрү менен биргеликте «Антитеррор-2011» машыгуусуна, 2012-жылдын май айында Таджикистан Республикасынын Согдий облусундагы «Чору-Дайрон» талаа окуу борборунда өткөн «Тынчтык миссиясы-2012» эл аралык машыгуусуна, 2013-жылдын июль айында Алай районунун Сары-Таш талаа окуу борборунда «Ак Илбирстин соккусу-2013» биргелешкен тактикалык машыгуусуна катышкан.

2014-жылда Шанхай кызматташтык Уюмуна кирген мүчө мамлекеттеринин Кытай эл Республикасынын «Чужухе» полигонунда «Тынчтык миссиясы-2014» антитеррордук эл аралык машыгууга аскер кызматчылары катышты. Бул машыгууда дагы өздүк курам өздөрүнүн автомобилдик, бронетехникалык күжүрмөн унаалары менен Ош - Гүлчө - Сары-Таш - Иркештам - Кашкар маршруту боюнча узундугу 2600 чакырым аралыкты басышкан. ЖККУ Жамааттык ыкчам жайылтуучу күчтөрүнүн Таджикистан Республикасындагы Харб-Майдон аскер полигонундагы бириккен штабы, аскерлердин аскер коркунучун оодуктоо, аскер күчтөрүнүн даярдыгын текшерүү максатында күтүүсүз текшерүүнү уюштурду.

2016-жылдын апрель айында Россия Федерациясынын Псков облусундагы аба-десанттык аскерлеринин борбордук полигонунда Ыкчам Жайылтуу Жамааттык Күчтөрүнүн «Өз ара аракеттешүү-2016» биргелешкен машыгуусуна, 2017-жылы Кыргызстан жана Индия Куралдуу Күчтөрүнүн атайын




дайындалган бөлүкчөлөр ортосундагы атайын тактикалык «Канжар-2017» машыгуусу аскер бөлүктүн базасында болуп өттү. Ушундай эле машыгуу 2018-жылдын март айында «Канжар-2018» аталышта Индия өлкөсүндө болуп өттү.

«Сары-Таш-2019» биргелешкен атайын тактикалык машыгуусунда дагы өздүк курам активдүү роль ойноду. «Биргелешкен-2019», «Поиск-2019» 2013-жылы аскер бөлүктөн 7, Индиядан 10 аскер кызматчылары менен биргеликте, Ленин чокусун багындыруу максатында тоо-экспедициясына чыгышып, Индия тараптан 5 аскер, аскер бөлүктөн 2 аскер кызматчы Ленин чокусун багындырышкан.

Мындан сырткары өздүк курам аба-десанттык даярдыгын бекемдеп, күжүрмөн даярдык пландын негизинде тик учактан жана аскердик парашюттан секирүүсүн азыркы күнгө чейин улантууда.

Аскер бөлүктүн өздүк курамы өлкөнүн ички коопсуздугун сактоодо дагы өз салымдарын кошуп келүүдө. Белгилей кетсек 2010-жылдын июнь окуясында болгон улуттар арасындагы жаңжалды басууда, мамлекеттин бүтүндүгүн, эркиндигин, коопсуздукту сактоодо өздүк курам, Ош облусунун Ош шаарында, Араван, Кара-Суу райондорунун аймактарында коомдук абалды жөнгө салууга катышкан. Буйруктун негизинде, комендантык саатта аскер кызматчылары күндүр-түндүр дебей күжүрмөн тапшырмаларды так аткарышып, мамлекеттин коопсуздугун, бүтүндүгүн коргоодо эбегейсиз зор салымдарын кошкон.



2014-жылдын декабрь айында 52870 аскер бөлүгү Ош шаарынан Көк-Жаңгак шаарына которулуп, 2015-жылы май айында заманбап үлгүсүндөгү курулган аскер бөлүктүн салтанаттуу ачылышы болгон.

2020-жылдагы короновирус илдети менен күрөшүүдө дагы бригаданын өздүк курамы Сузак районунда, Жалал-Абад шаарында уюштурулган комендантык саатта блокпосттордо эки айдан ашык убакытта күнү-түнү кызмат өтөштү.

Аскер бөлүктүн спортчулары спорт жаатында дагы алгылыктуу ийгиликтерди арттырып келишет, тактап айтканда жылына өтчү Коргоо министрлигинин Түштүк-Батыш Оперативдүү Командачлыгынын волейбол, футбол боюнча кубогунда спортчуларыбыз алдыңкы орундарды ээлешсе, спорттун кол күрөш, чуркоо, гиря көтөрүү, кол уруш, аркан тартыш жана ошондой эле аскердик колдонмо спорттун түрлөрүнөн шаардык, областтык жана Кыргыз Республикасынын чемпионаттарында алдыңкы орундарды багынтып келишүүдө.

Күжүрмөн даярдык пландын негизинде, 2019-жылдын апрель айында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн чалгындоо бөлүкчөлөрүнүн арасында өткөн «Шумкар-2019» таймашы өткөн. Таймашка өлкөнүн күч түзүмдөрүнүн «Скорпион», «Бөрү», «Пантера» сыяктуу атайын даярдыктагы бөлүктөрү катышкан. Таймаш душмандын изине 100 чакырым аралыкка чалгындоо иштерин жүргүзүү, топ менен күжүрмөн ок атуу, 5 чакырым аралыкка чуркоо, тосмолордон өтүү тапшырмаларын камтыган. Бул таймашта, жогорку деңгээлдеги даярдыгы менен айырмаланган «Илбирс» » бригадасынын командасы 1-орунду ээлеген.

Ошондой эле, облус, шаар ичинде өткөн маданий иш-чараларга дагы активдүү катышып келишет. Учурунда Кара-Кулжа - Ош шаарына чейин 90 чакырым аралыкка, Көк-Жаңгак - Жалал-Абад маршруту боюнча 30 чакырым аралыкка чуркашып, Ош-Жалал-Абад-Көк-Жангак маршруту боюнча узундугу 260 чакырым аралыкка жөө жүрүш басышып, аскер кызматын келечек муунга даңазалап келишет.

Ал эми аскер бөлүктүн сыймыгы болгон « Жашыл берет» сынагы жыл сайын активдүүлүгүн жогорулатып келет. 2010-жылы атайын багыттагы «Скорпион» бригадасынан 10 аскер кызматчысы аскер бөлүккө келишип, 1-жолу жашыл беретке тапшыруучу талапкерлерден сынак кабыл алышты. Сынактын жыйынтыгында 98 талапкердин ичинен 7 аскер кызматчысы татыктуу жашыл берет ээлери болушту. Бул сынак жылдан жылга өзүнүн аброюн көтөрүп, ар жылы талапкерлер сынак тапшырып, жашыл берет ээлери болуусу салтка айланды. Азыркы учурда аскер бөлүктө 40 жашыл берет ээлери, башка аскер кызматчыларга үлгү болушуп, кызмат өтөөдө.

2023-жылы май айында аскер бөлүк Баткен аймагына көчүрүлүп, тапшырмаларды ыкчам аткарганга өзгөчө шарт түзүлдү.

Аскер бөлүктүн коюлган тапшырмаларды өз убагында ийгиликтүү аткаруусу жогору турган командачылык тарабынан бааланып, 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча күжүрмөн даярдыкта, күжүрмөн мобилизациялык даярдыкта, аскерлер кызматы жана аскердик тартипте жетишкен ийгиликтери үчүн аскер бөлүк Генералдык штабдын башчысынын Вымпели, 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 8-гвардиялык мотоаткычтар дивизиясынын Вымпели, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Түштүк-Батыш Оперативдүү Командачылыгынын өтмө Вымпели менен сыйланган. Аскер бөлүктү учурунда күжүрмөн даярдыгын бекемдеп, системалык түптөлүшүнө өз салымдарын кошкон күжүрмөн командирлер башкарган. 2007-2009 жаңы түзүлгөн бөлүкчөнү генерал-майор Санжар Эркинбаев, 2009-жылдан 2010-жылга чейин полковник Таалайбек Жусубалиев, 2010-жылдан 2011-жылга чейин полковник Кумарбек Калматаев, 2011-жылдан 2015-жылга чейин генерал-майор Санжар Эркинбаев, 2011-жылдан 2018-жылга чейин полковник Руслан Раджапов, 2018-жылдан 2021-жылга чейин полковник Акылбек Ахмедшарипов, 2021-жылдан 2023-жылга чейин полковник Уларбек Казаков жетектеп келишкен.

2023-жылдан тартып бригаданы өз ишинин чебери, кесипкөй полковник Жусубалиев Таалайбек жетектеп келүүдө.

Бүгүнкү күндө анын командачылыгынын алдында атайын дайындалган «Илбирс» бригадасынын өздүк курамы тынчтык мезгилде, күжүрмөн мобилизациялык даярдыгын, аскердик тартибин чыңдоо менен бирге күжүрмөн даярдыгын бекемдешип, өздүк курам мамлекетибиздин эркиндигин, аймактык бүтүндүгүн коргоп, Мекенибиздин алдында милдеттерин так аткарышып, татыктуу кызмат өтөп келишүүдө.



**полковник**
**Жусубалиев Таалайбек Маметтурдуевич**

1997-жылы Бишкек аскердик авиациялык учуу-техникалык окуу жайын аяктаган.

1998-1999-жылдары тажик-афган чек арасында өзүнчө ок атуучу батальондун курамында кызмат кылган.

КР Куралдуу Күчтөрдүн катарында взвод командири, өзгөчө багыттагы ротанын командири кызматынан баштап, атайын багыттагы бригаданын командири, Түшүк-Батыш регионалдык командачылыгынын кол башчысынын орун басары, Куралдуу Күчтөрдүн Генералдык штабынын Кургактагы аскерлеринин кол башчысынын орун басары, башкы башкармалыктын башчысынын орун басары кызматтарын аркалаган.

2012-жылы Казак Республикасынын Улуттук коргонуу университетин, 2018-жылы Россия Федерациясынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын аскер академиясын аяктаган.

2019-2022-жылдары Жамааттык Коопсуздук келишим уюмунун Бириккен штабында бөлүм башчы болуп кызмат өтөгөн.

Учурда 52870 аскер бөлүгүнүн командири.

***Бул ирээт түштүккө болгон иш сапарымда айтылуу "Илбирс" аты менен таанымал аскер бөлүгүнүн эр-азаматтары менен маектешүү өткөрүп, жүрөгүндө кыргыз деп соккон оту бар, көзүндө жалыны бар, кудай сактасын, бирок, кокус жерибизге кандайдыр бир коркунуч жаралса, Мекен үчүн тик туруп, керек десе жанын берүүгө даяр жигиттерибизден уучубуз кур эмес экенине дагы бир жолу ынанып кайттым.***

***Анда назарыңыздарды "Илбирстин" жоокерлери менен болгон маекке бурабыз.***



Капитан **Абдраимов Тимур Ишенбекович** Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Советтер Союзунун Баатыры генерал-лейтенант Калыйнур Усенбеков атындагы Аскер институтун 2016-жылы бүтүргөн. Жаш офицер алгач эле 92843 аскер бөлүгүндө соот тобунун командири кызматын аркалайт. 2017-жылы Куралдуу Күчтөрдүн Улуттук гвардиясынын атактуу "Пантера" бөлүгүндө топ командир кызматын өтөйт. Кийинчерээк "Скорпион" атайын багыттагы бригадасында да кызмат өтөйт.

Ал эми 52870 аскер бөлүгүндө 2019-жылдан тарта кызмат өтөп келет. Тимур төрт бир туугандын экинчиси, үч баланын атасы. Өзү Кемин районунун Кичи-Кемин айылында туулуп өскөн. Мектепти бүтүрүп бир жылдык анык кызматка кетет. Кызматын бүтүрүп жогорудагы окуу жайга тапшырат.

- Мен Аскер институтунда окуп жүргөндө Руслан Мукамбетов, Таирбек Мадымаров сыяктуу офицерлер мага өзүлөрүнүн жүрүм-турумдары, адамга болгон мамилелери менен үлгү болушту, алардын таасирлери чоң болду. Учурдан пайдаланып жалпы эле окуу жайдын окутуучу курамына берген билим, тарбия-таалими үчүн терең ыраазычылык билдирип кетким келет. Мына ошол жерден алган билимибизди, тарбиябызды эми практикада колдонуп, кызмат кылып жатабыз,- дейт капитан Т. Абдраимов.

Кыргыздын жигиттери катылгандын катыгын берген, намыска бек келишет эмеспи. Республикабыздын түштүк аймагынын аскердик коопсуздугун камсыз кылып, Мекен алдында ак кызмат өтөп жаткан аскерлерибизге бекем рух жана кажыбаган кайрат каалайбыз.



23 жаштагы **лейтенант Алымбеков Алмазбек Жылдызбекович** 52870 аскер бөлүгүнүн топ командиринин орунбасары. Ал Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Советтер Союзунун Баатыры генерал-лейтенант Калыйнур Усенбеков атындагы Аскер институтун 2022-жылы бүтүргөн. Өзү Талас облусунун Талас районунун Кара-Суу айылында туулуп өскөн. 4 бир тууган, ата-энеси дыйкан чарба менен алектенишет.

Ал мектепте 8-класста окуп жүргөндө айылдаш агасы аты аталган аскер окуу жайында билим алчу. Аны менен аскердик жашоонун күнгөй-тескейин сураштырып, кызыгуусу арткан. Анын аскер адамы болуп калуусуна ошол айылдаш агасынын таасири чоң болду десек жаңылышпайбыз.

Ошентип жаш жигит мектепти аяктаган соң, бала кезиндеги кыялын орундатып, кыялындагы окуу жайга тапшырып, анда тырышчаактык менен окуп билим алат.

- Учурдан пайдаланып билим берген окутуучуларга тактап айтканда, тактикадан сабак берген полковник Нурбек Калканбаевге, кыргыз тил адабияттан берген Айнагул Султукарова эже-агайларга берген билимдери, тарбиялары үчүн терең ыраазычылык билдирем,- дейт жаш лейтенант.

Курсант кезде билим алуудан башка эч кандай түйшүк болбосо, эми минтип Куралдуу Күчтөрдүн катарында офицер болуп кызмат өтөп, моюнуна чоң жоопкерчилик илинип анык аскердик жашоону баштады. Ар дайым 24 саат бою кужурмөн даярдыкта турган атайын багыттагы аскер бөлүктө ар кандай тактикалык машыгуулар, окутуулар, кужүрмөн ок атуулар байма-бай өткөрүлүп, кужүрмөн даярдыкка абдан басым жасалат. Мындан тышкары, аскер бөлүктө спорттук иш-чаралар да бат-бат өткөрүлүп турат. Себеби бул аскер бөлүктө кызмат кылган аскер кызматчылары биринчи кезекте ден соолугу чың жана кужүрмөн даярдыкта болуусу абзел.

- Биздин бөлүк өзүнүн аты айтып тургандай "атайын багыттагы бөлүк" болгондуктан Коргоо министрлиги ишенген бөлүктөрдүн бири, ошондуктан, биз күн болобу, түн болобу, мезгилдин жайыбы, кышыбы кужүрмөн тапшырманы аткарууга ар дайым даяр турушубуз керек.

Быйыл биздин бөлүк эң алдыңкы, мыкты аталып, Түштүк-Батыш региондук командачылыгынын кол башчысынын өтмө вымпели менен сыйланды. Бул биз үчүн чоң сыймык жана ошону менен бирге чоң жоопкерчилик, ошондуктан биз ушул наамды татыктуу алып жүрүүгө ар бирибиз – катардагы жоокерден баштап полковникке чейин өзүбүздүн салымыбызды кошмокчубуз.

Кызмат кылганга баардык шарттар бар, Куралдуу Күчтөрүбүз заман талабына ылайык өнүгүп-өсүп келе жатат, айлык маяналарыбыз да жакшы, эми чын ниеттен гана кызмат өтөш керек, -деп ишенимдүү айтты.

Анын айтымында эркек, чыныгы мырза жоопкерчиликтүү, намыстуу болуп, моюнга жүктөлгөн тапшырманы так аткарып, шалаакы болбой, оозунан чыккан ар бир сөзгө жооп бериш керек.

Куралдуу Күчтөрдүн катарында кызмат кылган куралдаштарыма кызматты ак ниеттүүлүк менен аткарала демекчимин. Анткеним, биз эл алдында, Мекен алдында Аскердик ант бергенбиз, ошол Антыбызга бекем туруп, мамлекетибиздин аймактык бүтүндүгүн, көз карандысыздыгын сактап, коргошубуз керек.

Мөөнөттүү кызматта кызмат өтөп жаткан жоокерлерге да ден соолук каалайм, алар да Мекен алдында болгон ыйык милдетин тактыктуу өтөп, ата-энесине алты саны аман, он эки мүчөсү толук болуп барышына тилектешмин. Бардыгын аскер бөлүктүн түзүлгөн күнү менен куттуктайм,- деп өз сөзүн жыйынтыктады жаш офицер.

Баса, жакында Алмазбек жашыл берет кийип жүрүү укугуна ээ болуу үчүн бардык сыноолорду ийгиликтүү тапшырып, 92 баланын арасынан иргелип отуруп, жашыл беретти кийип жүрүү укугун 15 бала алган болсо, анын арасында ал дагы бар.

Учурдан пайдаланып лейтенант Алмазбек Алымбековду жашыл берет алышы менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Жашыл беретти алуу оңой-олтоң иш эмес экендигин, анын артында кандай гана сынактар, ар түркүн тосколдуктар тургандыгын жана аны мыктылардын мыктысы, күчтүүлөрдүн күчтүүсү алаарын аскер адамдары жакшы билишет. Алмазбек "спецназдын" символу болгон жашыл беретти тактыктуу кийип, кызматын ак ниеттүү аткарат деп ишенебиз.





Кенже сержант **Бердибеков Кайрат Бердибекович** 52870 аскер бөлүгүнүн механик-айдоочусу. Өзү Балыкчы шаарында туулган, үй бүлөдө беш бир тууган: эки эркек үч кыз. Ал өз ыктыяры менен анык аскердик кызматка чакырылып, 73809 аскер бөлүгүндө кызмат өтөгөн. Армияда темирдей тартип, айткан сөздү аткаруу, ишенимдүү жолдошчулук мамиле ж.б. көп нерселерге үйрөнөт. Ага жоокер болгон абдан жагып, офицер, сержанттар менен кеңешип, кызматын андан ары контракттык негизде кызмат өтөөгө калган.

Ал жерде эки ай кызмат өтөгөндөн кийин 52870 аскер бөлүгүнө которулуп келгенине бир жыл боло элек болсо да, ал бул бөлүктөгү катуу талаптарга көнүп калган кези. Көнүп ген себебим, атайын багыттагы бөлүктүн кужүрмөн даярдыгы, күнүмдүк иш-тартиби, талаптары башка бөлүктөрдөн дээрлик айрымаланып турат эмеспи. Анткени мамлекеттин аскердик кооопсуздугуна кандайдыр бир конкуноч жаралса дал ушул атайын багыттагы бөлүктүн жоокерлери биринчилерден болуп жөнөтүлөт (тикесинен тик турашат).

Кайрат аскер адамы жалкоолуктан алыс болуп, чынчыл, коюлган тапшырмаларды так аткарышы керек, ошондо гана кызматында ийгиликтер жаралат дейт.

Механик-айдоочу болгон соң ал өзүнө бекитилип берилген кужүрмөн унааны өз убагында тейлеп, карап турат. Мен үчүн танк айдаган жеңил унаа айдагандай эле болуп калган деп жылмаят.

Учурда бул атактуу аскер бөлүгүндө кызмат өтөп жатканына абдан сыймыктанат. Анын айтымында алар көптөгөн машыгуу, сынактарга катышып, тажрыйба топтоп жатышат.

"Аскер бөлүктө кызмат кылган ар бир жоокерге ден соолук каалайм, кызматында ийгилик, куралды машыгууларга эле колдонуп, буталарга эле атып турады",- деп өз сөзүн жыйынтыктады Кайрат Бердибеков.



Кенже сержант **Кожоналиев Ыман Сүйөркулович** Нарын облусунун Ак-Талаа районуна караштуу Жаңы-Талап айылынын кулуну. Өзү эки бир тууган, улуу агасы бар. Ата-энеси дыйкан чарба менен алектенишет.

Ал тээ бала кезинен эле аскерде кызмат кылып келген байкесине кызыгып, өзү да аскер адамы болууну самачу. Ошол кыялы менен Бишкек шаарына келип Аскер институтуна тапшырып, бирок тилекке каршы өтпөй калат. Ага карабастан баш калаабыздагы кесиптик лицейлердин бирине тапшырып, автоэлектрик кесибин окуп бүтүрөт. Окуусун аяктаары менен өзүнүн Ата Мекен алдындагы ыйык милдетин Ички аскерлердин аскер бөлүгүндө татыктуу өтөйт.

Андан соң 73809 аскер бөлүгүндө контракттык негизде кызмат өтөп учурда 52870 аскер бөлүгүндө кызматын улантууда. Ата-энеси уулунун аскер адамы болуп өлкөбүздүн коопту деп эсептелген Баткен жергесинде Мекенге кызмат кылып жүргөнүнө сыймыктанышат. Ыман да бул аскер бөлүктө кызмат өтөгөнүнө абдан сыймыктанат жана кызматына ак ниеттүүлүк менен мамиле кылат. Ар кандай машыгууларга катышып, тажрыйба топтоп, өз кесибинин чебери деген элдик баага татыктуу болууга аракет кыч.

Буюрса быйыл үй-бүлө курайын деген пландары менен бөлүшө кетти.

Анын айтымында, анык аскердик кызмат адамды тазалыкка, кимге кандай мамиле кылууга, чынчыл болууга, сага ишенип берилген курал-жаракка дыкаттык мамиле кылууга ж.б. көп нерслерге үйрөтөт. «Дал ошол армияда 1 жыл ичинде тур, ич, жат деген ата-энең жок болуп, ошолорду баалап, кадырлап, бир туугандарыңды барктап калат экенсиң. Ошондой эле командирлериңдин кылган мамилесин көрүп, кийин мен да кол алдыдагы жоокерлерге ушундай камкордук менен мамиле кылам деп алардан үлгү алат экенсиң. Капитан Сыдыкбеков, Кадырбеков деген офицерлер бизге куйүмдүү болуп, жаңы келгенде көп нерсеге үйрөтүшкөн. Учурдан пайдаланып аларга ыраазычылык билдирип кетет элем деди.

Ал эми командир кандай болуш керек деген суроомо биринчи кезекте аскер коллективинде тартипти бекем кармап, так жүрүп, адилеттүү болуш керек деп так жооп берди.

"Ушул аскер бөлүктө кызмат кылган аскер кызматчыларын чын жүрөктөн аскер бөлүктүн 17 жылдыгы менен куттуктайм. Мекенибизде тынчтык болуп, ар дайым желегибиз желбиреп турсун. Ал эми биз - аскер кызматчылар Мекенибизди коргоого ар дайым даярбыз, Кыргызстандын бир да сантиметрин душманга бербейбиз!",- деп сөзүн жыйынтыктады Ыман.

**Маектешкен**
**подполковник**
**Римма Даниярова**

# Мобилдүүлүктү талап кылган жыйын

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин 2024-окуу жылына түзүлгөн пландардын негизинде 12-марттан 16-мартка чейин Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин 36806 аскер бөлүгүнүн базасында мобилизация кызматынын жооптуу кызмат башчыларынын жыйыны болуп өттү.

Жыйынга түштүк аймагындагы мобилизациялык кызмат бөлүмдөрүнүн башчылары, аскер комиссариаттарынын орун басарлары, бөлүм башчылары катышышты. Катышуучуларга жыйын башында теориялык сабактар өткөрүлүп, практикалык сабактар менен коштолду.



Мобилизациялык кызмат башчылары үчүн бул жыйын жылдагыдан салыштырмалуу практикалык сабактардын өткөрүлүүсү менен айырмаланып, жыйындын жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Башкы уюштуруу штаттык башкармалыгынын башчысынын орун басары полковник Асылбек Бусурманкулов дайындалган. Аталган жыйындын өтүп жаткан жеринен таанышып, жетекчи менен маегибизди уланттык.

**- Саламатсызбы? Мобилизациялык жыйынды өткөрүү максаттары, кандай тапшырмалар коюлду ушул туурасында айтып берсеңиз.**

- Мобилизациялык жыйынды өткөрүү максатына токтоло турган болсом, аскер комиссариттарынын офицерлери менен аскер бөлүктөрүндөгү мобилизациялык бөлүмдөрүнүн бирдиктүү түшүнүк менен иш алып баруу же болбосо тыгыз кызматташуу десек болот. Согуш мезгилиндеги даярдыктарды чогуу алып баруу, аскер бөлүктөрдүн арасындагы ар кандай деңгээлде коюлган тапшырмаларды аткарууда ыкчам жана тыгыз байланыштарды түзүү болот. Ал эми коюлган тапшырмалар боюнча айта турган болсом, жыйынды сапаттуу жана толук кандуу сабактарды уюштурууда методикалык сабактарды жеткиликтүү кылып уюштуруу ошондой эле катышуучуларга 100 пайыз окуу усулдары менен камсыз кылуу, жетекчи иш кагаздарды өз ирээти менен жеткирүү десем болот.

**- Мобилизация жыйын канча убакта өткөрүлүп турат?**

- Негизинен бир жылда бир жолу өткөрөбүз. Биздин мобилизация боюнча бөлүмдөрүнүн, аскер кызматчыларынын өздүк курамына жетиштүү деп эсептеймин. Ушул жыйында кызматта жаралган маселелер болсо же кандайдыр бир сунуштар болсо аларды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк болот.

Офицерлерибиз да жогорку билимдүү офицерлерден. Негизинен мобилизациялык кызматтарда атайын аскердик окуу жайын окуган офицерлер кызмат өтөшөт. Мына түштүк аймагындагы болуп жаткан кырдаалдарды алдын алуу үчүн жана ошол эле офицерлердин практикалык билимин жогорулатуу үчүн ушундай жыйындар көп жыйынтык берет.

**- Бүгүнкү күндө биздин Коргоо министрлигинин мобилизациялык камсыздоолору кандай абалда?**

- Эми мобилизациялык камсыздоолорду уюштуруу аларды аткаруу үчүн Генералдык штабдын Башкы уюштуруу-мобилизациялык башкармалыгы дээрлик болгон тапшырмаларды аткаруу менен согуштук абалда кемчиликсиз буйруктарды, офицерлерге коюлган талаптарды аткарууга бүт күчүн жумшоодо. Мобилизация кызматы боюнча эч кандай мүчүлүштүктөр кетпеши керек, анткени жылда жыйындар, окутуулар уюштурулуп, өткөрүлүп турат. Быйыл мобилизациялык ресурстар боюнча сунуштар, маселелерди өз убагында чечүү да бул жыйында каралды, андан башка да офицерлерден көптөгөн сунуштар түштү алардын баарын карап чыгып, талкуулап кароо зарыл, анткени мунун бары эле мобилизция кызматынын ишин алдыга жылдыруу максатында.

**- Азыркы учурда дүйнөдө адам заты үчүн кооптонуулар да болуп жатпайбы. Жер жерлерде согуштук абалдар чыңалууда. Бизде согуш болбойт дегенден алыс болуубуз керекпи?**

- Жок андайга эч ким кепилдик бере албайт, азыр кошуна мамлекет эмес жаныңдагы адамдын ичиндеги ою кандай экенин билбейсиң. Мобилизация мобилдүүлүктү талап кылат, анткени замандын өнүгүүсү, цивилизация, санариптешүү күндөн күнгө өнүгүп



жаткан учур. Мобилизацияны жакшыртуу учур талабы. Биз эски ситеманы артка калтырып жаңыланууга убакыт келди деп ойлойм. Чек ара окуялары бизге чоң сабак болду.

***- Келечекте Коргоо министрлигинин мобилизациясын кандай элестетесиз?***

- Албетте, ар бир аскер кызматчысы мен буга чейин кандай иштерди аткардым жана мындан кийин кандай иштерди аткарышым керек деген суроону өзүнө бериш керек. Мобилизация кызматынын бүгүнкү күнгө чейинки аткарган, уюштурган иш-чаралардын аркасы менен, келечекте мобилдүү мобилизацияны элестетем.

***- Маегибиздин соңунда дагы бир суроо узаткым келди, жыйын кандай жыйынтыктады?***

- Жыйынга негизинен катышуучулар толук катышышты, аны менен бирге эле өткөрүлгөн теориялык, практикалык сабактар сапаттуу жана жеткиликтүү болду десем болот. Ошондой эле жыйынтыгында офицерлердин күжүрмөн даярдыгы текшерилип, зачет алынып жана күжүрмөн ок атуу менен баа коюлду. Муну менен жыйындын катышуучуларынын билим деңгээлин текшердик.

***- Сизге терең ыраазычылык билдирели, албетте, биз да сиздердин үмүтүңүздөргө, ийгиликтериңиздерге ортоктошуз, аскердик кызматыңыздарды жетишкендиктер коштосун.***











# Жарандардын Аскер прокуратурасына кайрылууларын кароо тартиби

Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамы (мындан ары - Мыйзам) - Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен бекитилген мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ар бир адамдын кайрылуу укугун жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди, ошондой эле мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына жарандардын кайрылууларын кароо тартибин укуктук жактан жөнгө салууга багытталган.

**Мыйзамдын талаптарына ылайык:**

- мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жарандарды жумасына бир жолудан кем эмес өздөрү кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү;
- жарандарды кабыл алуу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жарыяланган же мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын имаратынын стенддеринде жайгаштырылган жарандарды кабыл алуу графигине ылайык жүргүзүлөт;
- өздөрү кабыл алуу учурунда жаран өзүнүн инсандыгын күбөлөндүргөн документин көрсөтөт;
- оозеки кайрылууда айтылган маселе өзү кабыл алуу учурунда чечилбесе, кайрылуу жаран тарабынан жазуу жүзүндө же электрондук түрдө баяндалышы мүмкүн жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте катталууга жана каралууга тийиш.

Ошондой эле, мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу катталган күндөн тартып 14 жумушчу күндүн ичинде каралат.

Ал эми, жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды) жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү деменгдигиден башкача тартипте 30 календардык күнгө чейин узартылышы мүмкүн. Бул тууралуу арыз ээсине жазуу жүзүндө (электрондук) билдирилет.

Мындан тышкары, жарандардын кайрылуулары почта менен же болбосо өзү бериши мүмкүн.

Жарандар мамлекеттик, расмий же Кыргыз Республикасынын элдеринин башка кайсы тилинде болсун кайрылууга укуктуу.

Жазуу жүзүндөгү кайрылуулар, эгерде алар каралса, аларда коюлган маселелер боюнча зарыл чаралар көрүлсө жана жарандарга ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө жооп берилсе, чечилди деп эсептелинет.

Эгерде кайрылуунун текстин окууга мүмкүн болбосо, анда аталган кайрылууну карап жаткан жетекчи же адам кайрылуунун маңызын жана жүйөлөрүн тактоо жана билүү үчүн (эгерде арыз берүүчүнүн фамилиясын жана почта дарегин окууга мүмкүн болсо) арыз берүүчүнү чакырат. Ошону менен бирге арызды карап жаткан жетекчи же адам арыз берүүчү менен байланыша албай калса, кайрылууну андан ары кароо токтотулат, бул тууралу арыз берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирилет.

Белгилеп кетчү жагдай - соттук актыга же судьянын жүрүм-турумуна даттанылган кайрылуу, ушул соттук актыга же судьянын жүрүм-турумуна даттануу тартибин түшүндүрүү менен, кайрылууну жиберген жаранга кайтарылып берилет.

Ал эми, жарандын аты-жөнү жана жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон почта дареги көрсөтүлбөгөн жазуу жүзүндөгү кайрылуусу тоголок кат деп таанылат жана каралууга жатпайт.

Жаңы жүйө-далилдер же жаңы ачылган жагдайлар келтирилген кайра кайрылуулар (оозеки, жазуу жүзүндөгү же электрондук), эгерде алар боюнча текшерүүлөрдү жыйынтыктоочу толук материалдары болсо жана жарандарга ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жооптор берилсе, каралууга жатпайт. Жаңы жүйө-далилдер же жаңы ачылган жагдайлар ушул Мыйзамда каралган тартипте каралууга тийиш.

Жаран кайрылууну кароонун натыйжасы боюнча алынган чечимге канааттанбаган учурда ал чечимге сот тартибинде даттанууга укуктуу.

Кайрылуунун жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй чечимдердин бири кабыл алынат:

- кайрылууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө;
- кайрылууну канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө;
- коюлган маселелерди чечүү жана аныкталган укук бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүү жөнүндө.

Кайрылууну караган учурда жаран төмөндөгүлөргө укуктуу:

- кайрылуунун катталган күнү жана номери тууралу оозеки же жазуу жүзүндө (электрондук) маалымат алууга;
- кайрылууларды кароого байланыштуу болгон материалдар менен, ал башка жарандардын укуктарын канчалык козгой тургандыгына жана мамлекеттик жашыруун сырларды, коммерциялык жана (же) башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы келбегендей деңгээлде таанышууга;
- кайрылууну карап жаткан адамга өзүнүн далилдерин айтууга;
- кайрылууну кароонун натыйжалары жөнүндө белгиленген мөөнөттө жазуу жүзүндө (электрондук) жооп алууну талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайрылуунун административдик жана (же) сот тартибинде каралышына байланыштуу кайрылуу боюнча кабыл алынган чечимге же аракетке (аракетсиздикке) даттануу менен кайрылууга;
- кайрылууну кароону токтотуу жөнүндөгү арыз менен кайрылууга.

Ал эми, жарандын жалаа жабуу мүнөздөгү материалдарды, башка адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын кордогон жана ишкердик беделине шек келтирген сөздөрдү камтыган кайрылууну берүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.


• Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын дареги:

720055, Бишкек шаары, А. Токтоналиев көч., 2/1

Тел.факс: **(0312) 54-58-46, 54-58-47**

**military@prokuror.kg**

• Бишкек гарнизонунун аскер прокуратурасынын дареги: 720055, Бишкек шаары, А. Токтоналиев көч., 2/1

Тел.факс: **(0312) 56-01-03**

**bish.military@mail.ru**

**Макаланы даярдаган:**
**Бишкек гарнизонунун**
**аскер прокурорунун**
**улук жардамчысы**
**юстициянын улук**
**лейтенанты Т. Ондонбаев**


# Кыргыз учкучунун баатырдыгы эскерилди



Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Абадан кол салуудан коргонуу күчтөрүнүн 23565 аскер бөлүгүнүн өздүк курамы Советтер Союзунун Баатыры кенже лейтенант Исмаилбек Таранчиев жана анын борт-аткычы кенже сержант Алексей Ткачевдун экипажынын жасаган баатырдык эрдигинин 80 жылдыгына арналган митингге катышты.

Бул окуя биздин авиаторлор үчүн салт болуп калды, мында аскер учкучтары Эстон ССРинин Нарва аймагындагы согушта буйрук аткарып жатып, күйүп жаткан самолетун душмандын танктарынын тобун көздөй багыттап, жан аябастык менен эрдик жасаган баатырлардын элесин урматтоо менен эскеришет.

**ЫСМАЙЫЛБЕК ТАРАНЧИЕВ**

Улуу Ата Мекендик согушта баатырларча курман болгон Советтер Союзунун Баатыры Ысмайылбек Таранчиев 1923-жылы 6-апрелде азыркы Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Беш-Күнгөй айылында туулган. Мектепте чогуу окуган классташтары Сагыналы Бекбоев, Туйтен Молдобаевдер: «Ысмайылбек кичинекейинен эле учкуч болууну самачу. Чогуу ойноп жүргөн кездерибизде, бийиктиктерден секиргенди жактырып, таштардан, жарлардан, тепкичтерден, Аламүдүн суусунан секирип ойночу, мектепте жүргөнүбүздө жөн чуркабай эки колун жайып, самолёт болуп чуркаар эле. Сабакты жакшы окучу, тартиптүү, жоопкерчиликтүү, эр мүнөз адам эле,-деп эскеришкен экен.




Ы.Таранчиевдин карындашы Айнакенин жана анын күйөөсү Молдокулдун Баатырдын даңктуу атын элибизге таанытууда эмгектери зор болуптур.

«Байкем жөнүндө анча деле маалыматыбыз жок болчу. Анын согушта каза болгондугун билчүбүз. Каза болгондугу тууралуу кабарды айтканда анын Кызыл Жылдыз орденин кошо тапшырып кетишкен. 70-жылдары го, Оля Зайцева деген радиожурналист кыз үйгө келип агам жөнүндө маалымат алып кеткен. Ошондо агамдын баатырларча курман болгондугун, Кызыл Жылдыздын баркын билдим. Атам болсо айтып берип жатканда үнү буулуп, көзүнө жаш тегеренгенин байкадым. Жарым жылдай өткөндөн кийин анын агама байланыштырып көркөмдөп иштеп чыккан «Кыргыз гастеллосу» деген радио уктуруусун угуп калдык, атам уккан сайын ыйлап жиберчү. Исмаилбекке туулган жеринен топурак салынбай калды, адам баласы өтүп кеткенде болуучу жөрөлгөлөр жасалбай, кыркы, ашы өткөрүлбөй калды. Каармандык менен курман болсо да татыктуу наамын алган жок деп арман кылып өттү атам. Анан согуш жылдарында Оренбургда эмгек армиясында болуп, учкучтар мектебинде окуп жүргөн уулунун жакын эле жерде экендигин билбегендиктен ага жолукпай калгандыгын да көп айтып арман кылчу,-дейт сүйүктүү атасы менен балалыгына кайрылып өткөн Жекшен байке. - Андан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинин окутуучусу Назарбек Тунтеевдин келишинен кийин иш башталган экен.

- 1985-1986-жылдары Ысмайылбек Таранчиев тууралуу изилдөөсүн баштаган окутуучу кайрылып калды, тарыхчы катары кайсы бир эмгегине керек окшойт. Ошондон улам байкемдин (Ысмайылбек) согушта бирге болгон куралдаштарын, командирлерин изилдеп, ал кайсыл жерде согушкан, кимдер менен дос болгон, кайда, кандай документтер калды экен деген ж.б. суроолорго жоопторду издей баштадык, биз байкемдин гастеллонун эрдигин кайталап самолёту менен таран жасап каза болгонун гана билчүбүз. Анын эрдиги Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу экендигин жана анын аты-жөнү баатырлардын тизмесинде жок экендигин кийин билип, эмне үчүн наам эмдигиче берилбей жүргөндүгү тууралуу маселени козгой баштадык. Бирге кызмат кылгандары, достору менен кездештик. Алар: - Ооба, Ысмайылбек биз менен бирге согушкан, билимдүү, өз ишин мыкты билген, чечкиндүү адам болчу. Таран жасаган учурларына өз көзүбүз менен күбө болгонбуз, эмнеге эмдиге чейин Баатыр наамын алган эмес,- деп таңданышты.

- Ошондо дагы бир кызыктуу окуяга туш болдук,-дейт Жекшен байке көздөрү жанып.

- Байкемдин Анжела Кээда деген радист сүйгөн кызы болгон экен. Ал 90-жылдары небереси менен үйгө келип кетти. «Жаштык деген жаштык да, биз эки башка улуттан болгондугубузга карабастан бири-бирибизди аябай сүйгөн элек. Бир азга эле бош убактыбыз болсо жолугушканга шашчубуз. Ысмайылбек кунөстүү Кыргызстан, төрөлгөн айылы, алма бактары тууралуу айтып берээр эле. Согуш бүткөндөн кийин ошолордун баарын көрөм, ошол жерде жашаймын деп өзүмчө кыялга батчумун. Көзү бакырайган Ысмайылбек тууралуу окуяларды кечээ эле болгон окуядай эскерем»,-деп алардын сүйүүсүнүн күчүнөн улам, убакыт-мезгилге алдырын карыптай сактап келе жаткан эскерүүлөрүн айтып берген. Анжела Кээда дагы эмнеге эмдигиче сыйлык алган эместигине таңданган. Ысмайылбек Таранчиевдин 1991-жылдын 5-майында Советтер Союзунун Баатыры наамына ээ болуусуна анын куралдаш досторунун, Анжела Кэээданын да салымдары чоң болгон экен.




*(Сүрөттө: Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата Кыргызстандан ушундай почталык марка чыгарылган).*

# Дүйнөлүк социалдык адилеттүүлүк алкагында



2024-жылдын 14-16-мартында Бүткүл дүйнөлүк социалдык адилеттүүлүк күнүнүн бир айлыгынын алкагында КР КК Улуттук гвардиясынын 10126 аскер бөлүгүнүн өздүк курамы азиз жана начар көргөн балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатына жана Бишкек шаардык карылар жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үй-интернатына барышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө аскер кызматчылар балдарга жана улгайган адамдарга азык-түлүк түрүндө гуманитардык жардам көрсөтүшүп, концерттик программасын тартуулашты. Мындан тышкары гвардиячылар Улуттук гвардиянын ардагери Е.И. Ильченкого барып, ага үйдүн жанындагы аймакты тазалоого жардам беришти.

# 30 жылдыкты утурлаган аскердик таймаштар





Коргоо министрлигинин "Скорпион" атайын багыттагы аскер бөлүгүнүн 30 жылдыгына карата Бишкек гарнизонунун аскер бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин арасында кичи футбол боюнча турнир болуп өттү.

Турнирге 10 команда катышып, биринчи орунда "Скорпион", 2-орунду Абадан кол салуудан коргоо күчтөрү, 3-орунду Аскер институтунун командасы багындырды.

Жыйынтыгында оюнда өзүн мыкты көрсөткөн оюнчуларга номинациялар каралып, жеңүүчүлөр баалуу белектер менен сыйланды.



# Добро пожаловать в ряды зеленых беретчиков!

26 марта 2024 года, традиционно, в преддверии дня образования одного из элитных подразделений специального назначения "Скорпион" Министерства обороны КР, прошли испытания на право ношения зелёного берета.

Зеленый берет – знак принадлежности к элите сил специального назначения. Ежегодно воины спецназовцы проходят серьезные испытания, для того, чтобы с гордостью надеть этот символ мужества и чести.

В этот день спецназовцы прошли проверку на стойкость, физическую и психологическую выносливость. Стоит отметить, чтобы пройти испытания на право ношения зеленого берета, необходимо не менее 1 года прослужить в спецназе без дисциплинарных взысканий. Бойцам следует сдавать зачеты по теории, включающей в себя все предметы боевой подготовки по программе обучения подразделений специального назначения. Те, кто прошел отбор, выходят на стартовую полосу.



В практическую часть испытаний включены марш-бросок на 10 километров, усложненный специальными точками, в ходе которого военнослужащий должен выполнить различные нормативы – по связи, тактической, огневой и инженерной подготовке, радиационно-химико-биологической защите, а также пройти горную полосу и полосу препятствий. После преодоления марш-броска военнослужащие должны провести 3 раунда рукопашной борьбы по 2 минуты с обладателями "зеленого берета".

Главная задача этого испытания – проверка силы воли, бойцовских качеств, навыков рукопашного боя и стойкости духа.

Прошедшие испытания военнослужащие заветный берет получат в День части - 30 марта 2024 года.





# "Илбирс" урматына уюштурулган мелдеште

2024-жылдын 7-мартында "Илбирс" атайын даярдалган аскер бөлүгүнүн түзүлгөн күнүнүн 17 жылдыгы белгиленди.

Бул датаны утурлай 29-февралдан 3-мартка чейин аскер бөлүктүн базасында Баткен гарнизонуна кирген күч түзүмдөрүнүн арасында спорттук мелдештер уюштурулду.

Спорттук мелдештер мырзалар жана айымдар арасында Снайпинг, АК-3, ПМ-3 көнүгүүлөрү, кол күрөш, гирья көтөрүү, волейбол, футбол боюнча 13 команданын ортосунда болуп өттү.

Жыйынтыгында спорттук мелдештер боюнча командалык эсепте командалар төмөндөгүдөй орундарга ээ болушту:





-3-орунду 35524 аскер бөлүгүнүн командасы;

2-орунду 2053 аскер бөлүгүнүн командасы

1-орунду 52870 аскер бөлүгүнүн командасы ээлешти.

Жеңген командалар диплом, медаль, статуэтка, кубок жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.



